Кырг.
2021–105

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институту

Жалал-Абад мамлекеттик университети

Диссертациялык кеңеш Д 25.19.587

Кол жазма укугунда
**УДК: 622. 06:552.331.4 (043)**

**Муханова Айнур Айтказыновна**

**Модифицирленген флотореагенттерди колдонуу менен полиметалл жана жез-молибден кендерин кайра иштетүү технологияларын жакшыртуу**

**25.00.13 – пайдалуу кендерди байытуу**

техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациянын авторефераты

**Бишкек – 2021**

Диссертация Казахстан Республикасынын ИББМинин Металлургия жана байытуу институтунун «Флотореагенттер жана байытуу» лабораториясында Алматы шаарында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Тусупбаев Несипбай Куандыкович**
техникалык илимдердин доктору, КазТИУАнын мүчө-корр., МжБИ АКсынын «Флотореагенттер жана байытуу» лабораторисынын башчысы.

**Расмий оппоненттер:** **Пирматов Эшмурат Азимович**
техникалык илимдердин доктору, Евразия тоо-кен илимдер академиясынын академиги, директордун илим боюнча орун басары, Алмалык ТМКнын сейрек кездешүүчү металлдар жана катуу эритмелер илимий-технологиялык борборунун башчысы

**Кожонов Алмаз Кыргызбаевич**
техникалык илимдердин кандидаты, академик У. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен казып алуу жана жаратылыш ресурстарын өнүктүрүү университетинин Металлургия жана металлургиялык процесстер кафедрасынын жетекчиси.

**Жетектөөчү мекеме:** Казакстан Республикасынын «Минералдык чийки заттарды комплекстүү кайра иштетүү боюнча улуттук борбору» РМК», Алматы ш., Жандосов көч., 67.

Ишти коргоо « 30 » апрелде 2021-ж. саат $14^{00}$ дө КР УИА Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтуна жана Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу доктордун (кандидаттын) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияны коргоо боюнча Д 25.19.587 диссертациялык кеңешинин отурумунда, 720055, Бишкек шаары, Медеров көч., 98 дареги боюнча өткөрүлөт. Онлайн режиминде диссертация коргоонун идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/25--bzg-g7g-7ps.

Диссертация менен КР УИА Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунун китепканасында, Бишкек ш., Медеров көч., 98, жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин китепканасында, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57, Институт сайтында https://igion.megaline.kg/ жана КР ЖАК сайтында: http://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат «27 » мартта 2021-ж. таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
ф.-м.и.к., доцент — Исаева Г.С.

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Казахстандын экономикасынын негизи болуп тоо-кен-металлургия комплекси саналат, ал Казахстанда маанилүү ролду, ал эми тармактарынын катары боюнча – Казахстанда гана эмес, дүйнө жүзүндө стратегиялык ролду ойнойт. Минералдык-чийки зат өндүрүмдөрүнүн айрым түрлөрүн (цинк, коргошун, жез) казып алуу жана өндүрүү боюнча Казахстан дүйнөдөгү алдыңкы он өндүрүүчүнүн катарына кирет.

Эреже катары, түстүү металлдарды алуунун технологиясында аларды казып алуунун даражасын аныктоочу негизги операция болуп флотациондук байытуу саналат. Технологиялык циклде пайдаланылуучу флотореагенттер чет өлкөдө өндүрүлөт, ал болсо мамлекеттин импортко көз карандуулугун күчөтөт.

Экинчи жагынан алганда, республикада жогорку сорттогу чийки заттын камдыгы жылдан жылга кыскарып, оор байытылуучу жана сорту төмөн кендердин үлүшү өсүп бара жатат, ал болсо флотациянын көрсөткүчүн төмөндөөгө алып келет, айрым учурларда байытуунун салттуу (классикалык) технологияларын пайдаланууга мүмкүндүк бербейт.

Ошого байланыштуу, тармакты илимий-технологиялык өнүктүрүүнүн актуалдуу багыты болуп түстүү жана жалпы эле сейрек металлдардын кендерин байытуу технологиясын жакшыртуу саналат, ал эми жаңы флотореагенттердин ата мекендик арзан чийки затынын негизинде синтези жана аларды пайдалуу кендерди алуу процессинде колдонуу – флотациянын ыкмасын модернизациялоо варианттарынын бири болуп саналат.

Ошого байланыштуу диссертациялык бул иште жаңы модифицирленген флотореагенттердин чыгымдарды кыскартууга, сорту төмөн жана кыйынчылык менен байытылган полиметаллдык жана жез-молибдендик чийки заттарды кайра иштетүүдө коллективдик жана селективдик концентраттардын сапатын жана чыгышын жогорулатууга мүмкүндүк берген жергиликтүү техногендик чийки заттын негизиндеги синтезинин жана апробацияларынын ыкмалары келтирилген.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар, темалар менен байланышы**

Диссертациялык иш «2011-2014-жылдарга Казахстанда сейрек металдуу тармакты өнүктүрүүнүн илимий-технологиялык негиздемеси» аталышындагы Максаттуу каржылоонун программасына, «Композициялык реагенттерди пайдалануу менен полиметаллдык жез-коргошун-цинктик кендерди флотациялоо технологиясын жакшыртуу» темасы боюнча 2015-2017-жылдарга илимий изилдөөлөрдү гранттык каржылоо програмасына ылайык аткарылган.

**Иштин максаты:** Диссертациялык иштин максаты ата мекендик чийки заттын негизинде өзгөртүлгөн флотациялык реагенттерди колдонуп, полиметалл жана жез-молибден рудаларын иштетүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- Айдабуль спирт заводунун сивуш майынын курамын модифицирленген флотореагенттердин синтези үчүн адепки чийки зат катары белгилөө;
- синтездин методикасын иштеп чыгуу жана синтезделген чогулткучтардын физикалык – химиялык сапаттарын изилдөө;
- Кумкөл жер кенинин мунайынын жана дизелдик күйүүчү майдын физика-лык-химиялык өзгөчөлүктөрүн белгилөө жана алардын негизинде аполярдык чогулткучтарды түзүү үчүн адепки компоненттерди тандоону негиздөө;
- мунайдын жана дизель майынын аралашмасынын негизинде аполярдык чогулткучту даярдоонун оптималдык шарттарын аныктоо;
- адепки чийки заттын мономинералдары менен алынган модифицирленген флотореагенттердин өз-ара аракеттеринин мыйзамченемдүүлүгүн белгилөө;
- Артемьев жана жез-молибдендик Актогай жер казынасынын полиметалл кендерин кайра иштетүү технологияларын модифицирленген жаңы флотореагенттерди колдонуу менен иштеп чыгуу жана апробациялоо.

**Иштин илимий жаңылыгы:**

Жаңы натыйжалуу модифицирленген флотореагенттерди алуу үчүн сивуш майын техногендик чийки зат катары пайдалануунун мотивациясынын негизги принциптери формулировкаланган.

Коргошунду, цинкти жана жезди коллективдик-селективдик концентраттарга алууну көбөйтүү жолу менен сульфиддик полиметаллдан кендерди байытуу процессин интенсификациялоого мүмкүндүк берген модифицирленген чогулткучтардын синтезинин ыкмалары иштелип чыкты.

Мономинералдардын модифицирленген флотореагенттери менен өз ара аракеттенүүлөрү pHтын белгилүү бир маанилеринде химиялык мүнөзгө ээ экендиги белгиленди. Бул факты аларды флотациялоодо болүүдө негиз боло алат.

Жез-молибденден флотациялоодо Кумкөл мунайын жана дизелдик майды аполярдык чогулткуч катары пайдалануунун молибденди алууну жогорулатууну камсыз кылган мүмкүндүгү негизделди жана тастыкталды. Алынган натыйжалардын жаңычылдыгы РКнын эки патенти менен тастыкталган.

**Алынган натыйжалардын практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү**

Аткарылган изилдөөнүн натыйжасында Айдабуль спирт заводунун сивуш майынын негизинде модифицирленген флотореагенттерди, ошондой эле Кумкөл жер казынасынын мунайынын аралашмасын жана Артемьевдик жана Актогай жер казынасынын кендерин флотациялоо шарттарында текшерүүдөн өткөн дизель майын алуунун ыкмалары иштелип чыкты. Модифицирленген флотореагенттерди пайдалануу менен апробирленген технологияларды ишке ашыруу полиметалл кендерин кайра иштетүүдө коргошунду, цинкти жана жезди колективдик-селективдик концентраттарга алууну 1,6 - 4,5 %, жез-молибден кендерин кайра иштетүүдө молибден концентратына молибденди алууну ортчо алганда 2,5 % көбөйтүүгө мүмкүндүк берет



Модифицирленген флотореагенттерди пайдалануу менен Артемьев жана Актогай жер казыналарынын полиметаллдык жана жез-молибдендик кендерин кайра иштетүүнүн технологиясына алдын ала техникалык-экономикалык эсеби жүргүзүлдү. Жылына 1 млн. тонна кенди кайра иштетүүдө Айдабуль спирт заводу СМ негизинде модифицирленген ксантогенатты пайдалануудан келип чыккан экономикалык натыйжа: 299 104 $ (25,125 млн. сом) түзөт.

Кумкөл мунайынын жана дизель майынын аралашмасынын (жез жана молибден боюнча) негизинде модифицирленген флотореагентти колдонуудан түшкөн өндүрүштүн болжолдуу кирешеси 36 000 $ (3, 024 млн. сом) түзөт.

**Диссертациянын коргоого алып чыгуучу негизги жоболору:**

- адепки чийки заттын – Айдабуль спирт заводунун сивуш майын физика-математикалык изилдөөлөрдүн негизинде модифицирленген ксантогенатынын жана модифицирленген аэрофлоттун синтезинин иштелип чыккан ыкмасы;
- Кумкөл жер казынасынын мунайын жана мунайзаттарын жана дизель майын физика-химиялык изилдөөнүн натыйжасынын негизинде аполярдык чогулткучту түзүүнүн иштелип чыккан ыкмасы;
- адепки чийки заттын мономинералдары менен алынган модифицирленген флотореагенттердин өз ара аракеттеринин физика-химиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү;
- Артемьев жана жез-молибдендик Актогай жер казынасынын полиметаллдык кендерин жаңы модифицирленген флотореагентерин пайдалануу менен кайра иштеп чыгуунун иштелип чыккан жана апробацияланган технологиялары.

**Автордун жеке салымы:**

- полиметаллдык жана жез-молибдендик чийки затты байытуу технологиясынын азыркы абалынын, аны кайра иштетүү процессинде колдонулуучу флотореагенттердин талдоосунда жана изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин коюда, алынган натыйжаларды талдоодо жана жалпылоодо, жыйынтыктарды чыгарууда жана басылмаларды дардоодо;
- адепки чийки заттын заттык курамынын жыйынтыгын талдоодо: Айдабуль спирт заводунунун сибуш майын, Кумкөл жер казынасынын мунайын, дизелдик жана меш мунай майдын, жана аларды модифицирленген флотореагенттеринин синтези үчүн мотивациялоодо;
- Артемьев жана жез-молибдендик Актогай жер казыналарынын полиметаллдык кендерин модифицирленген флотореагенттерин колдонуу менен кайра иштетүүнү изилдөөнүн стратегиясын иштеп чыкканында;
- Модифицирленген флотореагенттердин синтези боюнча илимий эксперименттерге жана аларды пайдалануу менен адепки чийки затка флотация жүргүзүүгө түздөн-түз катышууда;
- Модифицирленген флотореагенттери менен адепки чийки заттын мономинералдарынын өз ара аракеттеринин методологиясын иштеп чыгууда жана алынган натыйжаларды интерпретациялаганында;

• Синтезделген модифицирленген флотореагенттерди пайдалануу менен полиметаллдык жана жез-молибдендик кендерди флотациялык байытуунун технологияларын иштеп чыгууда жана аппробация жүргүзгөндүгүндө.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин материалдары» Академик М.А.Усов атындагы студенттердин жана жаш илимпоздордун XVIII эл аралык илимий симпозиуму «Геологиянын жана жер казынасын өздөштүрүүнүн көйгөйлөрү» (Томск, 2014 ж.); XX Эл аралык илимий-техникалык конференция «Жер казынасын жана техногендик чийки заттарды кайра иштетүүнүн илимий негиздери жана практикасы» (Екатеринбург, 2015 ж.). Технотектүү түзүлүштөрдү кайра иштетүү жана утилдештирүү боюнча конгресс, «Технотектүү түзүлүштөрдү кайра иштетүү жана утилдештирүү процесстерин фундаменталдык изилдөө жана колдонмо иштеп чыгуу», «ТЕХНОГЕН – 2019 ж.» (Екатеринбург, 18-21-июнь 2019ж.). Жаш окумуштуулардын XIII Аймактар аралык илимий-техникалык конф.: «Химия жана химиялык технологиялар жаатындагы илимий-практикалык көйгөйлөр» (Апатиттер, 2019 ж.) эл аралык конференцияларда баяндалган.

**Диссертациядан алынган натыйжалар ишке ашырылган:**

Казахстан Республикасынын Алматы шаарындагы «Металлургия жана байытуу институту» Акционердик коомунун флотореагенттер жана байытуу лабораториясынын шартында Артемьев жер казынасынын жана жез-молибдендик Актогайдын полиметалл кендерин флотациялык байытуунун технологияларына ирилештирилген-лабораториялык сынамктарды жүргүзүү процесинде (Артемьев жер казынасынын кендерин модифицирленген флотореагенттерди пайдалануу менен ирилештирилген-лабораториялык сынактардын актысы, 12.11.2017-ж.); (Актогай жер казынасынын жездик-молибдендик кенин модифицирленген флотореагентерди пайдалануу менен кайра иштетүү технологиясы боюнча ирилештирилген-лабораториялык сынактардын актысы 18.12.2018-ж.);

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылышынын толуктугу**

Диссертациянын материалдары 12 иш түрүндө чагылдырылган: анын ичинде 1 макала Scopus тун маалыматтар базасына кирген Россия Илимдер Академиясынын «Кендерди байытуу» журналында жана 2 макала «Кыргызстандын жолдорунун Жарчысы» журналында, 1 макала «Кыргызстандын илими, технологиялары жана инновациялары» журналында, 1 макала «Минералдык чийки затты комплекстүү пайдалануу» журналында, 1 макала «КазНАЕН» Жарчысы» журналында жарыяланган, 4 доклад жана Казахстан Республикасынын инновациялык 2 патенти.

**Диссертациянын курамы жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, 4 главадан, корутундудан, пайдаланылган булактардын тизмегинен, тиркемелерден турат. Иш машиналык тексттеги 148 бетинде баяндалган, 31 таблицаны жана 28 сүрөттү камтып турат. Колдонулган булактардын тизмеги 124 аталыштан турат.



## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи главада** полиметаллдан кендердин азыркы абалына жана байытуу келечегине талдоо келтирилген.

Заманбап илимий-техникалык прогресс түстүү жана сейрек металлдарды өндүрүүнү өстүрүүнү жана алардын сапатын жогорулатууну талап кылат. Мында кендеги баалуу компоненттердин камтылышы жылдан жылга төмөндөп бара жатат, андыктан аны кайра иштетүүгө кыйыныраак байытылуучу, шламдык жана жука кесилишкен чийки заттар тартылат.

Флотациялоодо колдонулуучу реагенттер флотациялык процесстин тандамалдыгын, туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылат, ошондой эле байытуунун ушул ыкмасын жакшыртуунун жана интенсификациялоонун көбүрөөк мүмкүнчүлүкторүн түзөт. Флотациондук реагенттердин таасири минералдардын үстүртөн сапаттарын кенен диапазондо өзгөртүүгө мүмкүндүк берет, ал болсо флотацияны пайдалуу кендерди байытуунун ыкмасын көбүрөөк универсалдуу кылат. Аны менен бирге, сорту төмөн болгон полиметаллдан чийки заттарды кайра иштетүү үчүн классикалык флотореагенттерди пайдалануу флотациялоо процессин кымбаттатат.

Акыркы учурларда көпчүлүк иштер аркылуу төмөн молекулярдуу реагенттердин, ксантогенаттардын типтеринин молекулаларында полярдык менен бирге аполярдык радикалдарды камтып турган түрдүү органикалык чогулткучтар менен айкашынын технологиялык натыйжалуулугу жана экономикалык максатка ылайыктуулугу далилденген. Бирок жетиштүү деңгээлде жогорку натыйжалуу төмөн молекулярдуу реагенттердин жарым функционалдык жогору молекулярдуу аралашмалар менен камтылган бирикмелер жана аларды флотациялоо процессинде колдонуу жөнүндөгү маалыматтардын саны бир топ чектелген.

Жаңы бир нече модифицирленген реагенттер иштелип чыкты жана сынамдан өттү, алсак, россиялык реагенттер СИГ, СГМ жана Берафлот-3026, МФТК, ПРОКС, SF-239 жана башкалар. Бирок алардын бардыгы белгилүү болгон кымбат баалуу синтетикалык реагенттерден жана республиканын чегинен сырткары жерден алынган. Казахстанда флотореагенттер өндүрүлбөйт.

Ал аралыкта Казахстан Республикасынын «Металлургия жана байытуу институту» АКсында модифицирленген флотореагенттерди ата мекендик чийки заттын - Талгар спирт заводунун сивуш майларынын негизинде синтездөө ыкмасы иштелип чыккан. Андан мыкты натыйжа алынган. Бирок Талгар заводунун өндүрүмдүүлүгү чектелген жана Казахстандын байытуу тармагынын муктаждыктарын жаппай калат.

Ошого байланыштуу ата мекендик арзан чийки заттын кошумча булактарын, алардын негизинде модифицирленген флотореагенттердин синтезин издөө, аларды полиметаллдык жана жез-молибдендик чийки заттарды кайра иштетүү процессинде колдонуу керек.

Алынган натыйжалар полиметаллдан жана жез-молибден кендерин кайра

иштетүү технологияларын жакшыртууга мүмкүндүк берет, жана Кыргызстандын коргошун-цинк жана алтын-жез кендерин кайра иштетүүнүн көрсөткүчүн жогорулатууга багытталышы мүмкүн.

**Экинчи главада** адепки чийки заттын мүнөздөмөсү сүроттолгон, изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн усулу жана талдоонун ыкмасы, флотореагенттердин синтезинин салттуу усулдары, баалуу компоненттерди аныктоонун заманбап усулдары, ошондой эле заманбап жабдуулар берилген.

Диссертациялык иштин **үчүнчү главасы** изилдөө объектилеринин заттык курамын изилдөөгө, модифицирленген флотореагенттердин синтезине жана алардын физика-химилык касиеттерин изилдөөгө арналган.

Модифицирленген флотореагенттердин бутиль спирттен жана ченемдеги спирттердин фракциясынан, жана түрдүү катышта алынган чектеги углеводороддордун изостроениесинен түзүлгөн композициялык аралашмалардын негизиндеги синтези «тривиалдуу эмес» реагенттердин түрүнө тиешелүү болгон басылмалардын саны аз болгондуктан, теориялык да, алардын флотациялык жигердүүлүгүн жогорулатуудан улам практикалык да кызыгууну туюндурат.

Модифицирленген ксантогенатты синтездөө үчүн адепки чийки зат болуп Айдабуль спирт заводунун сивуш майы колдонулган, ал ретификациялык же сивуштук колоннадан концентраттын майын жуугучта жууган учурда алынган өнүм болуп саналат. Анын шарттуу спирт чийки заттан чыгышы 0,3 - 0,4 %ды түзөт. Сивуш майынын курамында 5 - 12 % этанол, 7 - 15 % н-пропанол,10 - 20 % - изобутанол, 50 - 60 % - изоамилдүү спирт жана 5 - 10 % суу бар.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Айдабуль спирт заводунун сивуш майын фракциондук айдап чыгуу жана кургатуу жүргүзүлгөн. Кургатуу андан ары 12 саат бою поташ (1 $дм^3$ га 10 г) менен иштетүү аркылуу туздоо (1 $дм^3$ га 40г NaCl на 1 $дм^3$) жолу менен жүргүзүлгөн. Фракциондук айдап чыккандан кийин кургатылган сивуш майынын физикалык-химиялык каксиети изилденди, ал 1-табл. көрсөтүлгөн.

Таблица 1. – Орточолонгон жана кургатылган сивуш майынын физика-химиялык талдоосунун жыйынтыктары

| Компоненттин аталышы | Сындыруунун көрсөткүчү, $n_D^{20}$ | Салыштырма салмак,$d^{20}$ | Кайноонун t, к°С |
|---|---|---|---|
| Сивуш майы | 1,4020 | 0,818 | 83,0-143 |

Фракциондук айдагандан кийинки хроматографиялык талдоо сивуш майынын курамын төмөнкүдөй көрсөттү (2-табл.).

Таблица 2. – Хроматографиялык талдоонун жыйынтыктары

| №п/п | Сивуш майынын компоненти | Молекулярдык салмагы | Камтылышы, % | Кайноонун табы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Н-пропил спирти | 60,0 | 8,43 | 87,8 |
| 2 | Изобутиль спирти | 75,2 | 21,68 | 109-110 |
| 3 | Изоамил спирти | 88,8 | 69,89 | 134 |
| | Жыйынтыгы | | 100 | |



Ксантогенаттардын синтезин 2-главада сүроттолгон Чугаевдин ыкмасы менен жүзөгө ашырдык. Ксантогенат эки вариант менен алынды. Биринчи вариант салтту чийки заттан ксантогенатты – бутил спиртин алууну, экинчиси болсо – бутил спиртинен жана сивуш майынан ксантогенатты алууну караган. Экинчи вариантта 2 жана 3-таблицаларда келтирилген композициялар колдонулган. Андан ары изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн композициялардан модифицирленген ксантогенаттардан алынган суу аралашмаларынын үстүртөн чоюлушученелген.

Таблица 3. – Синтезделген ксантогенаттардын суу аралашмаларынын үстүртөн жигердүүлүгүнүн маанилери

| № | Флотореагент | Концентрация, мас. % | Үстүртөн чоюлуу, эрг/$м^2$ |
|---|---|---|---|
| 1. | Бутилдик | 0,0625 | 68,30 |
| | | 0,125 | 66,50 |
| | | 0,25 | 61,80 |
| | | 0,5 | 57,30 |
| | | 1 | 49,30 |
| 2. | Бутил спиртинен жана 1:1 катышындгы СМ дан алынган модифицирленген ксантогенат | 0,0625 | 65,78 |
| | | 0,125 | 64,19 |
| | | 0,25 | 59,20 |
| | | 0,5 | 53,28 |
| | | 1 | 47,57 |
| 3. | Бутил спиртинен жана 1:2 катышындгы СМ дан алынган модифицирленген ксантогенат | 0,0625 | 68,31 |
| | | 0,125 | 63,81 |
| | | 0,25 | 59,20 |
| | | 0,5 | 56,09 |
| | | 1 | 48,00 |
| 4. | Бутил спиртинен жана 1:3 катышындгы СМ дан алынган модифицирленген ксантогенат | 0,0625 | 64,98 |
| | | 0,125 | 60,55 |
| | | 0,25 | 56,68 |
| | | 0,5 | 47,15 |
| | | 1 | 40,96 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, үстүртөн чоюлуунун көбүрөөк маанисине №4 вариант боюнча алынган модифицирленген ксантогенат ээ. Кийинки изилдөөлөрдө биз бул аралашмадан алынган модифицирленген ксантогенатты колдондук.

Изилдөөнүн жүрүшүндө модифицирленген аэрофлотту алуу үчүн сивуш майынын жана бутил спиртинин негизинде композициялык аралашма түзүлгөн жана алардын касиети изилденди (4-табл.).

Аэрофлоттун синтезин 2-главада сүроттолгө салттуу усулга ылайык жүргүздүк.

Биз реагенттердин үч композициясынан аэрофлотторду алдык, ошондой эле салыштыруу үчүн базалык реагенттен – бутил спиртин да алдык.

Таблица 4. – Композициялык аралашмаларды физико-химиялык изилдөө

| № п/п | Аралашманын катышы: бутил спирти: СМ | Аралашманы ченөө бирдиги | | | Сынуу көрсөткүчү, $n_D^{20}$ | Спалыштырма салмагы, $d_n^{20}$ | Молекулярдык-салмак | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | г | мл | г/моль | | | табылганы | табылбаганы |
| 1 | 1:1 | 50:50 | 61:61 | 0,6:0,6 | 1,4005 | 0,813 | 79,0 | 78,55 |
| 2 | 1:2 | 33:66 | 41:81 | 0,4:0,8 | 1,4011 | 0,814 | 82,4 | 79,74 |
| 3 | 3:1 | 75:25 | 92:30 | 1:0,3 | 1,3999 | 0,811 | 74,0 | 75,19 |

Андан ары изилдөөнүн жүрүшүндө синтезделген аэрофлоттордун суу аралашмаларынын концентрацияга жараша үстүртөн чоюлушунун чоңдугунун өзгөрүшү изилденди. Алынган натыйжалар 1-сүрөттө көрсөтүлдү.




Сүрөт 1 – Концентрациялардан аэрофлоттордун суу аралашмаларынын үстүртөн чоюлушунун (σ) көз карандуулугу: 1 – аралашма №1; 2 – бутилден аэрофлот; 3 – аралашма №3; 4 – аралашма № 2.

Концентрацияны жогорулатуу менен алынган аэрофлоттордун суу аралашмасынын үстүртөн чоюлушунун төмөндөшү белгиленди. Бул болсо алынган бардык аэрофлоттордо көбүк пайда кылуучу касиеттери болгондугун болжолдоого негиз берет, №2 аралашмадан алынган аэрофлотто мындай касиет жогору.

Андан аркы изилдөөлөрдө №2 аралашмадан алынган модифицирленген аэрофлотту колдондук.



***Муңайдан жана муңайзаттан модифицирленген чогулткучтун синтези***

Акыркы жылдары аларды полиметалл кендерин флотациялоодо пайдалануу планында муңайдын гетероорганикалык бирикмелерине болгон кызыгуу өсүп кетти.

Эмульгирленген аполярдык реагенттер шламдуу минералдарды флотациялоодо өзгөчө пайдалуу.

Механикалык жана өзгөчө ультра үндүү эмульгирлөөнү пайдалануу менен жаңы жана натыйжалуу ыкмалар жука дисперстик, гранулометрдик курамы боюнча бир түрдүү жана туруктуу эмульсияларды алууну камсыз кылат, бул болсо флотациялоодо аполярдык чогулткучтардын аракеттерин интенсификациялайт жана байытуучу ишканаларда алардын чыгымын минимумга чейин төмөндөтөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кумкөл жер казынасынын жеңил, күкүртү аз, парафини аз муңайын колдондук.

Алынган ИК-спектрге ылайык, (сурот 2) үлгүлөрдө ченемдеги жана изостроендеги парафин түзүлүшү басымдуулук кылары аныкталды. Нафтендик жана жыпар жыттуу түзүлүштүн болгондугу белгиленди. Бул бирикмелер парафиндүүлөргө караганда өтө аз санда камтылган. Карбонилдик группа жок болуп саналат, муңай кычкылданып кеткен эмес.




Сурот 2 – Кумкөл жер казынасындагы муңайдын сынамынын инфракызыл спектри

Бирок флотация процессинде муңайды аполярдык чогулткуч катары пайдалануу жалпы эле байытуу процессин кымбаттатат. Ошого байланыштуу аларды муңайга кошуу менен алынган композициянын флотациондук касиетинин сапатына зыян келтирбестен, анын чыгымын төмөндөтүүгө түрткү берген арзан органикалык бирикмелерди издөө керек. Ошентип, алдын ала изилдөөлөргө ылайык, арзан турган органикалык кошулма болуп дизель майы саналат. Анын үлгүлөрүндө ИК-спектрине ылайык (сүрөт 3).



Сүрөт 3 – Дизель майынын сынамынын инфракызыл спектри

Эксперименттердин жүрүшүндө бул компоненттер белгиленген катышта алынды жана УЗДН-1200Т маркасындагы ультра үндүү диспергатордо катуу аралаштыруу жолу менен аралашманы диспергирлөө жүргүзүлдү. Ультра үндүн таасиринин оптималдуу убактысы – 6 мүнөт экендиги алдын ала белгиленди. Мындай учурда бөлүкчөлөрдүн өтө чоң чыгышы 75нм - 66,9 %. Эмульсиялардын туруктуулугун аныктоо үчүн эмульсиялардын ажыроо убактысы аныкталды (5-табл.)

Таблицадагы маалыматтардан улам, аралашманын ажырашынын эң узак убактысы дизель майынын бир бөлүгүнөн жана муңайдын 2 бөлүгүнөн турган №3 эмульсия үчүн болгонун көрүүгө болот, тактап айтканда, ушул эмульсия бир топ туруктуу. Бирок, өндүрүштүн көз карашынан алганда, убакыттын бул аралыгы бир топ узак, андыктан №1 аралашма алгылыктуу болуп саналат.

Таблица 5. - Эмульсиялардын туруктуулугун аныктоонун жыйынтыктары

| № п/п | Компоненттердин катышы | Ажыроо убактысы, сут. |
|---|---|---|
| 1 | Модифицирленген реагент 1:1 (муңай+дизел майы) | 3 |
| 2 | Модифицирленген реагент 1:2 (муңай+дизел майы) | 1 |
| 3 | Модифицирленген реагент 2:1 ( муңай+дизел майы ) | 6 |

Ошентип, модифицирленген ксантогенаттын синтезинин шарттары иштелип чыкты жана Айдабуль спирт заводунун сивуш майын пайдалануу менен модифицирленген аэрофлотту алуунун шарттары адаптацияланды, концентрациядан алардын суу аралашмаларынын үстүртөн чөюлушунун өзгөрүшүнүн көз карандуулугу аныкталды.

Шарттары белгиленип, Кумкол жер казынасынын муңайынан жана дизель майынан модифицирленген чогулткуч синтезделди, анын касиеттери изилденди.



Полиметалл кендери көпчүлүк учурларда комплекстүү сульфиддик кендер болуп саналарын белгилеп кетүү керек. Сульфиддик минералдардын жакын флотациондук касиетин жана сульфиддик эмес минералдардын аларды коштоп жүргөндөрдөн кескин айырмаланышын эске алып, кобүрөөк рационалдуурак технология катары андан ары селекциялоо менен коллективдик флотация саналат. Ушуга байланыштуу модифицирленген флотореагенттерди колдонуу менен полиметалл кендерин байытуу технологияларын иштеп чыгууда аныкталган илимий жана практикалык кызыгуу алардын анын негизинде сорбция процесси жаткан полиметалл чийки затынын негизги минералдары менен өз ара аракеттеринин механизмин изилдөөнү туюндурат.

Изилдөө полиметалл кендеринен визуалдык тандоо ыкмасы менен ажыратылган жездин, цинктин жана темирдин сульфиддик минералдары менен жүргүзүлдү.

Сорбциянын механизмин түрдүү реагенттер менен десорбциясы аркылвуу кыйыр түрдө чечмеледик: физикалык жактан бекилип калган чогулткуч суу менен десорбирленет; этанол менен – анын минерал менен өз ара аракети монокатмардын чеги менен чектелген реагент (хемосорбирленген форма); туздалган кычкылдык менен гександын аралашмасы аркылуу гетерогендик химиялык реакциянын натыйжасында пайда болгон металлдардын диалкилдитиофосфаттары эрийт. Алынган натыйжалар 4 сүрөттө көрсөтүлгөн.

Алынган маалыматтардан 4 сүрөттө көрсөтүлгөн ийрилердин жүрүшү бирдей экендигин көрүүгө болот. Ийрилер десорбциянын деңгээлинин чоңдугу менен айырмаланат. Бардык үч минерал үчүн химиялык сорбция басымдуулук кылат, себеби туздалган кычкылдык менен гександын аралашмасы аркылуу десорбциянын деңгээли өтө жогору. Бардык үч минерал үчүн десорбциянын максималдык деңгээли рНта 8,0-10,0 диапазондо жетишкендигин белгилеп кетүү керек.

Ал эми пирит жөнүндө айтсак, бул мономинерал үчүн 4 сүроттогү ийрилер башка түргө ээ. Мындай учурда химиялык сорбция дагы үстөмдүк кылат, бирок десорбциянын максималдык деңгээли буга чейинки мономинералдардан айырмаланып, рН 7,0 до жетишилген.

Бул факты аларды флотациялоодо болүүдө негиз боло алат.




Сүрөт 4 – Түрдүү pH та десорбция процессинде сорбирленген мономинералдарда композициялык аэрофлоттун концентрациясынын өзгөрүшү: суу менен (1), эталон менен (2), туздалган кычкылдык менен гександын аралашмасы менен (3).

**Төртүнчү главада** технологиялык изилдөөлөрдүн жана полиметалл кенин жездин, коргошундун жана цинктин коллективдик жана селективдик концентраттарын алуу менен модифицирленген жаңы флотореагенттердин негизинде байытуунун технологияларынын ирилештирилген-лабораториялык сынактарынын жыйынтыктары келтирилген.

